Билим берүү программаларынын сапаттык көрсөткүчтөрү бүтүрүү, квалификациялык экзамендердин жыйынтыгы боюнча, практиканын бардык түрлөрүн өтүүнүн жыйынтыктары боюнча жана бүтүрүүчүлөр ишке орношууда аныкталат. Устат мугалимдердин иштерин коррекциялоо, окуу жайдын койгон максаттарына жеткендигин жана окуучулардын, иш берүүчүлөрдүн, кызыкдар жактардын талаптарына жооп бергендигин аныктоо максатында жылына 1 жолу билим берүү программаларын баалоо жана мониторинг өткөрөт. Бул ишти директордун окуу иштери боюнча орун басар жүргүзөт. Анын жыйынтыктары педагогикалык кеңеште, ата-энелер чогулуштарында талкууланат. Мезгили менен алынган жарым жылдык жана жылдык баалоонун натыйжалары ата-энелерге чогулуштарда жеткирилет жана ошондой эле окуу жайдын сайтынан, социалдык  тармактардан маалымат ала алышат. Мындан тышкары жылдык баалардын мониторинги атайын бурчтарга жайгаштырылат.

Окуу жайдын миссиясы, стратегиялык жана учурдагы пландары окутуунун максаты, окутуунун жыйынтыгы жана башка окуу жай жөнүндө маалыматтар Т.Токтоналиев атындагы № 45-кесиптик лицейдин сайты https://liceum45.mektebim.kg/ бар жана социалдык тармактарда (фейсбук, You-Tube ) каналына чагылдырылат жана маалыматтар жаңыртылып турат. 01.01.2019-жылы Кыргыз Телеком менен түзүлгөн келишимдин негизинде окуу жайга интернет коюлган. Окуу жайга тиешелүү документтерди, билдирүүлөрдү жана башка маалымат файлдарын жөнөтүп жана ала алабыз. Окуутучулар жана окуучулар интернеттен керектүү маалыматтарын ала алышат. Ошондой эле интернет байланышында эч кандай үзгүлтүктөр болбойт. Окуу жайдын миссиясы, стратегиялык планы, окуу-тарбия, усулдук иште жана өндүрүштүк иштер боюнча пландар, маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү, сактоо, талдоо жүргүзүү, жалпылоо, системага салуу процесси педагогикалык кызыктар тараптардын түздөн-түз катышуусу менен жүргүзүлөт жана аткарылган иштер өздүк сайтка жарыяланып турат. Лицейдеги маалыматтарды чогултуу ИСУО платформасында системалуу жүргүзүлөт. Ал эми иш берүүчүлөр окуу программаларын кайра карап чыгууга катышат. Программаларды жакшыртуу ишине долбоорлорду тартуу боюнча проектилерди жазып иш алып барабыз. Бирок алыскы район болгондугубузга байланыштуу долбоорлор менен иштөө кыйындыкка туруп жатат.

Окуу программасы аткарылгандан кийин кызыкдар тарап болгон райондогу айыл аймактарына, ишкана, мекемелерге бир ай мурда атайын эки тараптуу келишимдер түзүлүп, квалификациялуу жумушчулар менен иш ордунда иштешип практикадан өтүшөт. Келишим түзүүдө иш берүүчүлөрдүн бардык талаптары жана практикадан өтүүчү практиканттардын талаптары эске алынат. Алар буйрутма берген ишти аткарууда сапатка көңүл бөлүнөт жана практиканттардын күндөлүктөрүндө тапшырмалардын аткарылышы көзөмөлдөнүп, устаттар тарабынан билими, билгичтиги, кесиптик көндүмдөрүнө, шыгына баа берип бааланат. Өндүрүштүк практикадан өткөргөн айыл аймактары, ишкана, мекемелер практикадан өткөн окуучуларга өндүрүштүк мүнөздөмө берет. Мүнөздөмөнүн негизинде бүтүрүүчүлөр мамлекеттик бүтүрүү квалификациялык экзаменге катышып, иш берүүчүлөр күтүлүүчү натыйжаларды көзөмөлгө алышат.

Мындан сырткары лицей тайпаларында окуу тарбия иштер боюнча директордун орун басары И.Курманбаева менен бирдикте тайпанын устаттары окуучулардын ата –энелери менен иш алып барышат. Окуучулардын тартибине, жүрүм-турумуна көзөмөл кылууга ата-энелер милдеттүү экендиги көрсөтүлүп, окуу жай менен ата-эненин ортосунда эки тараптуу келишим түзүлгөн.

*Тиркеме 1.23*
*https://drive.google.com/file/d/1KqDcss8yvQ_2EjmefPHM6KhWRlv_zeGK/view?usp=sharing.*

Ата-энелер менен жолугушуп жалпы жана тайпалык ата –энелер жыйыны өткөрүлүп: ар кандай маселелер жана окуучулардын тартип, тазалыгы, катышы, сабактагы жетишкендиктери, боюнча маалыматтар берилип пикир алышып турушат

YouTube *https://youtube.com/channel/UCAL8NnMNYizuOouSud3z65g?si=2uMw2DTq7HZqK0JS*

*Тиркеме: 1.24 Мониторинг боюнча чогулуштун протоколу.*

https://drive.google.com/file/d/1K99TBSuMHTOSUbf2LJ7QxkgRmz1hwtJc/view?usp=drive_link

*Тиркеме 1.25: Этикалык кодекс*
*https://drive.google.com/file/d/1brf9T6ii1ViSkLjqRxKjVhC5CShRVdDy/view?usp=sharing*
*Тиркеме 1.26: Айыл аймактары, ишканалар, мекемелер менен келишимдер.*

*https://drive.google.com/file/d/1GdWGc4ZHch5K2vPvWVoAoOGMvaoW4XG7/view?usp=sharing*
*Тиркеме 1.27: Өндүрүштүк мүнөздөмөлөр.*
*https://drive.google.com/file/d/1yRNE_zYZJVq9k30kjYJLbsbRJqR0c1ok/view?usp=sharing*
*Тиркеме 1.28: Күндөлүк.*
*https://drive.google.com/file/d/1ubPCKHENeEX5lgqT4WQniXRQomvZ5bV-/view?usp=drive_link*
*Тиркеме:1.29: Өндүрүштүк практиканын буйруктары тиркелет.*
*https://drive.google.com/file/d/1z9Qhc6gVQ3TBVrCzMo3PEfu7c9xMl0P5/view?usp=sharing*

**1.6. Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларын, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын болуусу.**

Т.Токтоналиев атындагы №45-кесиптик лицейинде өздүк сайт уюштурулуп, бүгүнкү күндө
сайтка окуу жайдын миссиясы, стратегиялык планы, окуу-усулдук, өндүрүштүк, тарбиялык иштердин пландары, иш-чаралар, окуу жайда окутулуп жаткан кесиптер боюнча маалыматтар сайтка киргизилген. Т.Токтоналиев атындагы № 45-кесиптик лицейдин сайты https://liceum45.mektebim.kg/.

Жыл бою кесипке багыт берүү иштери педагогикалык кеңештин отурумунда бекитилип, план боюнча иш жүргүзүлөт. Райондук билим берүү бөлүмүнө кат жөнөтүлүп, райондук билим берүү бөлүмү түзүп берген графиктин негизинде үгүттөө иштерине буйруктар жана графиктер түзүлүп, райондогу баардык жалпы билим берүү мектептерининин 9-11-класстарынын окуучуларынын тизмеси алынып, атайын изилдөө жүргүзүлөт.
Абитуриенттерди кабыл алууда окуй турган окуучу-студенттер каалаган кесибине Абитуриент онлайн сайты https://2020.edu.gov.kg/ аркылуу катталат жана окуу жай боюнча маалыматты ала алышат жана өздүк сайтка жарыяланып турат.
Ачык эшик күнүн, коомдук угууларды уюштуруу менен окуу жайдын ишмердүүлүгү боюнча кызыкдар тараптарга толук маалымат берилип турат. Кызыкдар тараптарга иш берүүчүлөр, ата-энелер, бүтүрүүчүлөр,окуучулар, иштөөчүлөр кирет. 1-сентябрь Билим күнүндө 1-курстун окуучулары жана алардын ата-энелеринин устат жана окуу жай менен таанышуу жолугушуусу өткөрүлөт. Биринчи жолугушууда окуу жайдын миссиясы жана стратегиясы жөнүндө маалымат берет**.**
*(Тиркеме 3.13: Үгүт ишинин иш кагаздары, ачык эшик күнү,даңазалоо күнүнүн иш пландары*
*https://drive.google.com/file/d/1AA_zyRSvu5Nj2wXtELxWjVvhG-7I7QNF/view?usp=sharing*
*https://liceum45.mektebim.kg/*
*Facebook*
*https://www.facebook.com/share/1CHYjHJFvq/?mibextid=wwXIfr*
*Instagram*
*https://www.instagram.com/tashmanbettoktonaliev?igsh=MWMxNGtkZmEzZDZjaA*
*YouTube*
*https://youtube.com/channel/UCAL8NnMNYizuOouSud3z65g?si=le63Z7cZoFXp3NkG*
*Telegram канал*
*https://t.me/+FFjlVRGLtd40Yjcy*

Окуу жайда учурдун жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген жогорку квалификациялуу жумушчу кадрларды тарбиялап, даярдап чыгарууда окуучулардын жетишүүсүнө ички көзөмөл жүргүзүлүп турат. Ички көзөмөл окуу-методикалык материалдарды, усулдук көрсөтмөлөрдүн түзүлүшүн, ачык сабактар жана тарбиялык иш чараларды өткөрүүнү текшерет. *(тиркеме 2.12. Ички көзөмөл графиги*
*https://drive.google.com/file/d/1U7KoB5vHSYBSv7r9RqIqj6cl_j0snaoX/view?usp=sharing*
Ички көзөмөл жүргүзүүнүн максаты: Окутуучулардын мамлекеттик иш кагаздарынын аткарылышын көзөмөлдөө. Жооптуу адам Султаналаиева Ж. Окуу-тарбия процессинде мугалимдердин ситемалуу сабактын өтүлүшүн, ошондой эле сабактын формасын максатын,

ыкмасын туура коё билүүлөрүн текшерүү Курманбаева И. Окуучулардын билим сапаттарын этап этап менен көзөмөлгө алуу. Маметрашит кызы К. Окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү Сатыбалдиева Р. Мугалимдердин тажрыйба алмашышы Сатыбалдиева Р. Ички көзөмөл жүргүзүүнүн негизинде окуучулардын билим денгээли биринчи жарым жылдык менен текшерилет.

Окуу жайда билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке киргизүү үчүн сапат менеджменти системасы иштелип чыккан *(Тиркеме 1.23: Сапат менеджменти системасынын жобосу, иш планы https://drive.google.com/file/d/1P_K5OMkGTGuhhwe8A4Qw-IvLHFDVYqFj/view?usp=sharing),* атайын жобосу бекитилген. Иш план иштелип чыккан. Т.Токтоналиев атындагы №45 КЛ дин билим сапатын башкаруунун структуралык башкаруусунун уюштурулушу: Сапат менежментин башкаруу жетекчилиги (окуу жайдын жетекчилиги) Лицейдин окуу-методикалык кеңеши *(Тиркеме1.25: Методикалык кабинеттин жылдык иш планы, Кесиптик билим берүү боюнча усулдук бирикменин иш план, жалпы билим берүү боюнча усулдук бирикменин иш планы https://drive.google.com/file/d/1s-KvGF5ZOUhbWNfOhMNSLdzmPG6_hNgV/view?usp=sharing)*
*Тиркеме 1.30: Сапат менеджменти системасынын жобосу https://drive.google.com/file/d/1P_K5OMkGTGuhhwe8A4Qw-IvLHFDVYqFj/view?usp=sharing*
*Тиркеме 1.31: Усулдук бирикмелердин иш пландары https://drive.google.com/file/d/1s-KvGF5ZOUhbWNfOhMNSLdzmPG6_hNgV/view?usp=sharing*

**1.7.Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.**

Лицейде билим алуусу үчүн коопсуз физикалык жана психологиялык ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында бардык аракеттер көрүлгөн.

Окуучулардын лицейде психологиялык коопсуз чөйрөсүн камсыз кылуу максатында “Электрондук ишеним телеграмм почтасы” пайдаланылат. Лицейдин ОТИ боюнча директордун орун басары жана тайпанын устаттары тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Ошондой эле райондогу ИДН кызматкерлери менен биргеликте чогулуштар, рейддер жүргүзүлөт. ОТИ боюнча директордун орун басары жана тайпанын устаттары окуучулар арасындагы психологиялык жагымдуу чөйрөнү камсыз кылуу максатында окуучулар, ата-энелер жана мугалимдер менен жолугушууларды жана чогулуштарды өткөрүп турат. Окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу маселеси “купуя кутучадагы” баланын психологиялык көйгөйүн ата-энелер менен бирдикте маек жүргүзүү аркылуу чечилет. Лицейде зордук зомбулук, адам укугун басмырлоо, кылмыштуулукту алдына алуу боюнча ар кандай иш чаралар өткөрүлүп турат.

Лицейдеги окуучулардын билим алуусу үчүн коопсуз физикалык жана психологиялык ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында бардык аракеттер көрүлгөн,чөйрөнүн коопсуздугун мониторингдөө жол-жоболору жана механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген. Окуу жайда өрт коопсуздугунун эрежелери сакталат. Лабораториялык-практикалык сабактарда, өндүрүштүк окууларды өтүүдө коопсуздук техникасынын эрежелери боюнча инструктаждар өтүлүп журналга кол коюлат. Окуу жайда ички , сырткы жайларды кароо үчүн күзөт кызматкерлери жана 4 видео камера орнотулган. Ошондой эле окуу жайдын эвакуациялык планы көрүнүктүү жерге илинген жана кошумча тепкичтер менен эшиктер коюлган.

Класс – кабинеттер күнүнө жуулуп тазаланып жана жумасына бир жолу толук кандуу тазалоо иштери аткарылып турат жана жылына окуу жылынын башталышында, кышкы сезонго кирүү алдында, жылуулукту өчүргөн мезгилде дезинфекция жасалат. Окуу жайдын имараты жылуулук, таза суу менен камсыз болгон. Дааратканa сыртта жайгашкан, санитардык талаптарга жооп берет.

Окуу жайда биринчи жардам кабинети бар жана ар бир класс-кабинетте аптечкалар коюлган.

*Тиркеме 1.32: Эвакуациялык план*
*https://drive.google.com/file/d/1w8oY6-YZ3seJlvWCKJq1nLSDYhl9QCbZ/view?usp=sharing*
*Тиркеме 1.33: Эмгек коопсуздугу боюнча журналдын*
*https://drive.google.com/file/d/1NE89cOMlGHaY_jess0v600KFq-805VuZ/view?usp=sharing*

**Күчтүү жактары:**
Окуу жайда эмгектенген устат мугалимдердин 80 %дан ашыгы жогорку билимдүү квалификациялуу устат мугалимдер.
Окуу жайдын өздүк сайты ачылган.Материалдык-техникалык базанын талапка жооп берүүсү.
**Алсыз жактары:** Заманбап технологиялардын жетишсиздиги.
**Сунуш:** Атайын эсепке акча түшүрүү менен заманбап технологияларды камсыз кылуу.

## 2.Адам ресурстарын башкаруу

**Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруу боюнча саясатка жана механизмдерге ээ болууга жана студенттер менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү кызматкерлерге ээ болууга тийиш. Саясат жана чаралар окутуу колдоо кызматкерлерине жана бардык кызыкдар тараптарга маалым болушу керек.**

**2.1.Билим берүү уюмунда адам ресурстарын башкаруунун ачык-айкын жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору бар;**

Окуу жайга жумушка кабыл алуу КРнын Эмгек кодексинин негизинде кабыл алынат. Жумушка кабыл алынуучулардан резюме талап кылынат, аңгемелешүү жүргүзүлөт, эмгек стажысы жана иш тажрыйбасы эске алынат. Мугалим, устаттарды, окутуучу көмөкчү курамды жумушка кабыл алууда ар биринин кесибине ылайык эмгек келишими түзүлөт.
Окутуучуларды жумушка кабыл алуу боюнча талаптар усулдук кабинеттеги маалымат тактада жайгашкан.
Ар бир кесип боюнча сабак берген мугалим, устаттардын жалпы маалыматтары окуу жайдын сапаттык курамынын тизмесине киргизилет.
Жумушка кабыл алуу директордун буйругу менен окуу жайдын эки тараптуу эмгек келишиминин негизинде, окуу жайдын ички тартиби менен тааныштырылып, коопсуздук техникасынын эрежелери боюнча инструктаждан өткөрүлүп, медициналык тактамасын эске алуу менен аткара турган кызматы боюнча милдеттенмелер берилип кабыл алынат.
Жумушка кабыл алууда кызматкердин өздүк делосу түзүлүп, кадрлар бөлүмүнө тапшырылат жана маалымат башкаруу системасына (ИСУО) киргизилет.
Кызматкерлерди кызматка көтөрүү БКБББнын макулдашуусу жана коллективде иштөө жөндөмдүүлүгүнүн жыйынтыгы менен, квалификациясынын жогорулугу жана иштеги иш тажрыйбасы , долбоорлор менен иштөөсү эске алынат.
Жумуштан бошотуу Эмгек Кодексинин мыйзамдарынын негизинде, директордун буйругу менен жүргүзүлөт.

| № | Окутуучунун аты-жөнү | Кызматы | Наам | Пед. стажы | Кандай темада, кайсы жерде өтүлгөн. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Токтоналиев А. | Директор | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | 31 | “Жетекчилерди заманбап билим берүү системасындагы кесиптик компетенциялары” 2023-ж. **РИМБ** |
| 2 | Султаналиева Ж. | ОӨУИ боюнча | | 13 | “Кошумча билим берүү, орто жана башталгыч кесиптик билим |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | орун басар | | | берүү чөйрөсүндөгү кадрларды кайра даярдоо" 2021-ж **Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи**. Бизнес жана ишкердиктин негиздери 2022-ж. **РИМБ** |
| 3 | Маметрашит к. К. | Окуу бөлүм башчы | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | 24 | "Кошумча билим берүү, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү кадрларды кайра даярдоо" 2021-ж. **Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи** |
| 4 | Курманбаева И. | ОТИ боюнча орун басар | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | 34 | "Коопсуз миграция" 2023-ж. **Тилектештик эл аралык коом.** |
| 5 | Норузбаев М. | Ага устат | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | 36 | Өндүрүштүк окууну уюштуруунун инновациялык методдору 2023-ж. **РИМБ** |
| 6 | Сатыбалдиева Р. | Усулчу | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | 30 | "Маалыматтык коммуникациялык технологиялар" 2024-ж. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад колледжи алдыңкы тажрыйба борбору. |
| 7 | Жумабаев М. | Дене тарбия мугалими | | 4 | "КРде билим берүү системасынын жаңылануу кадамдары, дене тарбия предметин окутуу теориясы жана методикасы" 2021-ж. Республикалык педагогикалык квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо. |
| 8 | Токтоналиева Н. | Ө/окутуу-нун устаты | Кесиптик башталгыч билим берүүнүн отличниги | 25 | "Маалыматтык коммуникациялык технологиялар" 2024-ж. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад колледжи алдыңкы тажрыйба борбору. |
| 9 | Бекчоро кызы Ж. | Ө/окутуу-нун устаты | | 9 | "Кошумча билим берүү, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү кадрларды кайра даярдоо" 2021-ж **Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи**. "Окуучулардын санариптик сабаттуулугун калыптандыру жана өнүктүрүү формалары жана ыкмалары" 2025-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **РИМБ** |
| 10 | Токтоболотова Н. | Ө/окутуу-нун устаты | КРнын билим берүүнүн отличниги | 12 | “ Официанттарды кыска мөөнөттөгү окутуу” 2023-ж. Германия кызматташтыгы коому |
| 11 | Сатыбалдиева Н. | Ө/окутуу-нун устаты | | 18 | “Кошумча билим берүү, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү кадрларды кайра даярдоо” 2021-ж **Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи**. “Тигүүчү багыты боюнча кесиптик чеберчиликти өнүктүрүү” 2024-ж. **РИМБ** |
| 12 | Масирова Ж. | Ө/окутуу-нун устаты | | 21 | “Өндүрүштүк окутуу сабагын жаңылатуу” 2021-ж. Азия өнүктүрүү банкы каржылаган “Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдик өнүгүү үчүн көндүмдөр” |
| 13 | Мусамамбетов Т. | Ө/окутуу-нун устаты | | 13 | “Педагогикалык чеберчилик” 2025-ж. **РИМБ** |
| 14 | Алияз уулу А. | Ө/окутуу-нун устаты | | 11 | “Автослесарь программасы” 2023-ж. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад колледжи алдыңкы тажрыйба борбору. |
| 15 | Жолдошбек к. К. | Ө/окутуу-нун устаты | | 7 | “Окуучулардын санариптик сабаттуулугун калыптандыру жана өнүктүрүү формалары жана ыкмалары” 2025-ж. **РИМБ** |
| 16 | Кадыркулов И. | Ө/окутуу-нун устаты | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | 32 | “Электромонтер тармагында кесиптик билимин жогорулатуу” 2024-ж. **РИМБ** |
| 17 | Шеримбеков К. | Ө/окутуу-нун устаты | | 2 | БКБ окуу жайларында өндүрүштүк окуунун формасы жана ыкмасы” 2025-ж **РИМБ** “Педагогикалык чеберчилик” 2025-ж. **РИМБ** |
| 18 | Атанаева М. | Сист.адм. | | 7 | “Компьютердик сабаттуулук” 2023-ж. E-QUALITY Социалдык жана каржылык санариптик билим берүү коому. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 19 | Алмазова А. | Мугалим | | 1 | “Маалымат технология жана программалык камсыздоо” 2024-ж. **Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи**. |
| 20 | Калыбекова Н. | Мугалим | | 1 | “Маалымат технология жана программалык камсыздоо” 2024-ж. **Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжи**. |
| 21 | Орунбаева А. | Китепка-начы | | 1 | “Лицей китепканаларынын ишин уюштуруу” 2022-ж. **РИМБ** |
| 22 | Саргулакова С | Ө/окутуу-нун устаты | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | | |
| 23 | Калыков К. | УАД мугалими | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн отличниги | | “Педагогикалык чеберчилик” 2025-ж. **РИМБ** |

Лицейде баардыгы 62 адам эмгектенет, анын ичинен: административдик башкаруу персоналы – 6, инженердик педагогикалык кызматкерлер - 30, техникалык кызматкелер - 7, кичүү тейлөө кызматкерлер - 19. Жогорку билимдүүлөр - 34, атайын орто кесиптик билимдүүлөр – 5, орто билимдүүлөр – 1 адам. Таблица №2

| № | Көрсөткүчтөр | Адамдардын саны |
|---|---|---|
| 1. | Кызматкерлердин жалпы саны: | 62 |
| 2. | **Кызматтары:**<br>Башкаруу тутуму<br>Өндүрүштүк окутуу устаттары (мастерлери)<br>Техникалык персонал<br>Кенже тейлөөчү персонал<br>Келишимдин негизинде иштеген мугалимдер | <br>6<br>19<br>7<br>19<br>11 |
| 3. | Жыл боюнча адистигин жогорулатуу. | 9 |

Кызматкерлерди мотивациялоодо өзгөчө алардын иштеши үчүн жагымдуу жана керектүү шарттарды түзүүгө аракеттер көрүлүп турат. Профсоюз уюмунда да каралган. Өзгөчө иш орундарында ыңгайлуулукту камсыздоого, башкача айтканда матералдык-техникалык базаны чыңдоого, алардын чыгармачылык изденүүсүнө мүмкүнчүк уюштурууга, жумуштан тышкаркы эс алуусуна кам көрүлөт. Ошондой эле өзгөчө изденүүчүлүктү көрсөткөн кесиптештерди лицейдин мактоо баракчалары, грамота, диплом менен сыйлап, көмөкчү чарбанын эсебинен жогорку турган мекемелерге сыйлоо тууралуу сунуштарды киргизет(№2.2.2 тиркеме Сыйлоо боюнча пед совет чечим). Окутуучулардын эмгегин баалоо лицейдин, райондук жана республикалык сыйлыктарга көрсөтүлөт.

*Тиркеме 2.1: Эмгек келишимдин үлгүсү*
*https://drive.google.com/drive/folders/1e66wUMeNfAAqUmOE4X3sPTsfFdOjJYhc?usp=sharing*
*Тиркеме 2.2: Резюме.*
*https://drive.google.com/file/d/1fxaVc26FCEjlrKvh4dFird8RLSGeN8WQ/view?usp=drive_link*

**2.2.Билим берүү уюму кызматкерлердин квалификациясын жана квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууну камсыз кылат;**

Окуу жайда мугалим устаттардын квалификациясын жогорулатуу иштери жыл сайын жүргүзүлүп, атайын директордун буйругу менен жана Республикалык илимий методикалык борбордон келген графиктердин ошондой эле кээ бир долбоорлордун чакыруусу менен жүргүзүлөт. РИМБнын графиги боюнча мугалим-устаттар квалификациясын жогорулатуу курсун жыл сайын отуп турушат. 2020-2025 -окуу жылдарында РИМБдан төмөндөгү темалар боюнча жогорулатуу курстары уюштурулду:

“Специалист по офисным приложениям”, “Өндүрүштүк окутуу сабагын жаңылантуу”. “Moodle платформасында курстарды түзүү”, “Бизнес жана ишкердиктин негиздери”, “Онлайн документация жана электрондук документ жүргүзүүгө киришүү”, “Лицей китепканаларынын ишин заманбап уюштуруу”, “Жетекчилердин заманбап билим берүү системасындагы кесиптик компетенциялары. Жаңы кесиптик стандартты жайылтуу”, “Өндүрүштүк окууну уюштуруунун инновациялык методдору”, “Маалыматтык – комуникациялык технологиялар”, “Электромонтер тармагында кесиптик билгичтикти жогорулатуу”, “Окуучулардын санариптик сабаттуулугун калыптандыруу жана өнүктүрүү формалары жана ыкмалары” жана башка темалар боюнча мугалим - устаттар квалификациясын атайын график менен буйруктун негизинде жогорулатып келишти. РИМБ тарабынан 2024-жылдын 19-августунан 2025-жылдын 9-январына чейин 690 саат көлөмүндөгү “Педагогикалык чеберчилик” кесиптик кайра даярдоо күбөлүгүн 3 окутуучу окуду. Мындан сырткары Ысык –Көл индустриалдык – педагогикалык коллежинин “Кошумча билим берүү, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү кадрларды кайра даярдоо” курсу боюнча “Педагог” квалификациясын 4 окутуучу, ошондой эле ар кандай долбоорлор аркылуу дагы билимин жогорулатуучу курстар өткөрүлүп квалификацияларын жогорулатып келишти.

Педагогикалык окуулар РИМБ тарабынан темалары сунушталып уюштурулат. РИМБ уюштуруп окуткан окууларга окуп келип кайрадан устат-мугалимдер менен тажрыйба бөлүшүп окуулар өткөрүлүп турат.Педагогикалык жогорку билими бар мугалим-устаттар ар 3-5 жылда билимин жогорулатуу үчүн курстардан өтүп турушат жана алган билимдерин иш тажрыйбасында колдонушат.

Окуу жайда мугалим устаттардын квалификациясын жогорулатуу иштери жыл сайын жүргүзүлүп, атайын директордун буйругу менен жана Республикалык илимий методикалык борбордон келген графиктердин ошондой эле кээ бир долбоорлордун чакыруусу менен жүргүзүлөт. Кээ бир учурларда эмгек эс алуу учурунда устаттар өз каалоолору менен курстардан өтүп турушат. Окуп келген устаттар сертификаттарга ээ болушат.

План боюнча 2020 - 2025 окуу жылында кызматкерлердин 80 % квалификациясын жогорулатуу курсунан окуп келишти.

Окуу өндүрүшүнүн устаттары окуу жайыда кесипкөй адистерди даярдоодо алган билим тажрыйбаларын колдонуу менен салым кошуп жатышат. Жаш кадрлар берилген иш-тапшырмаларды так жана убагында аткарып , окуу жайдын ар-намысын коргоп, абройун көтөрүүгө жана окуучулар менен тыгыз байланыштарды түзүп, көп нерселерди үйрөнүүгө жетише алышты.

*Тиркеме 2.3: Квалификациясын жогорулатуу боюнча буйруктар*
*https://drive.google.com/file/d/1iBF7l77CPNuiRYwQDxHaSlZI9_D4rEtV/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.4: Квалификацияны жогорулатуу боюнча график, сертификаттар*
*https://drive.google.com/file/d/11aFeUqSTKDNwZeJweb7nqbLQ94I8t2uI/view?usp=sharing*

**2.3. Билим берүү уюмунда персоналдын ишмердүүлүгүнө баа берүүнүн жана алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык, объективдүү механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар:**

Лицейде мугалимдердин жана кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө баа берүү боюнча ачык, так жана объективдүү механизмдер иштелип чыккан. Бул механизмдер негизинен эмгек натыйжалуулугуна, сабак өтүүдөгү жаңычылдыктарга, окуучулардын жетишкендиктерине жана кесиптик өнүгүү аракеттерине жараша жүргүзүлөт.

**Баалоо процесси төмөнкү негизги багыттар боюнча ишке ашырылат**:

**Эмгекти баалоо жана мотивация**

Жыл сайын окутуучулардын жана кызматкерлердин ишмердүүлүгү талданып, жогорку натыйжа көрсөткөндөр лицейдин ички сыйлыктарына жана ар кандай мамлекеттик жана коомдук деңгээлдеги сыйлыктарга көрсөтүлөт.

Персоналды сыйлоо райондук, областтык, республикалык деңгээлде иштелип чыккан сунуштар жана өндүрүштүк жыйындардын чечимдеринин негизинде ишке ашат.

Сыйлыктардын түрлөрү:

Ардак грамоталар

Мактоо баракчалары

“Кесиптик билим берүүнүн отличниги” төш белгиси

Акчалай сыйлыктар

Санаторийге путевкалар

Учурда лицейде 11 окутуучу "Кесиптик башталгыч билим берүүнүн отличниги" төш белгисинин ээси болуп эсептелет.

Жыл сайын мыкты деп табылган 2 кызматкерге ден соолугун чыңдоо үчүн санаторийге акысыз жолдомо (путевка) берилет.

Кесиптик өнүгүү жана инновациялык ишмердик

Окутуучулардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу максатында жыл сайын педагогикалык окуулар, семинар-тренингдер жана вебинарлар уюштурулат.

Бул иш-чараларда жаңы билим берүү технологиялары, санариптик платформалар жана прогрессивдүү окутуу методдору тааныштырылат.

Окутуучулар алган билимдерин сабактарда колдонуп, практикага жайылтышат. Бул өз кезегинде студенттердин билим сапатына оң таасирин тийгизет.

*Тиркеме 2.5: Сыйлыктар, сертификаттар, ардак грамоталар, төш белгилер*
https://drive.google.com/drive/folders/1Gh45ep-hcc9tEoUtKDCjXiurihBvr3vx?usp=drive_link
*Тиркеме: 2.6 Квалификациясын жогорулатуу боюнча педагогикалык окуу*
https://drive.google.com/drive/folders/1qonI2XZ6goj6zZcuqa7M-_QO1qw3YBub?usp=drive_link

**Насаатчылык системасы**

Жаңы келген жаш мугалимдерге тажрыйбалуу насаатчы мугалимдер дайындалып, методикалык жардам көрсөтүлөт.

Насаатчы мугалимдер жаш кадрлардын кесиптик адаптациясына көмөктөшүп, сабак өткөрүүдө, документ жүргүзүүдө жана билим берүү процессин уюштурууда колдоо көрсөтүшөт.

Насаатчылык иши боюнча төмөнкүдөй документтер иштелип чыккан жана колдонулат:

*Тиркеме 2.7: Директордун буйругу насаатчылар жөнүндө*
https://drive.google.com/file/d/1EyGrNY-gQxYPMkDX4uME4cSU42npqskV/view?usp=sharing
*Тиркеме 2.8: Насаатчынын иш планы*
https://drive.google.com/file/d/1tJ6YBBu1Tpzxr62M-4meLWl9aVo_0TZV/view?usp=sharing

**Транспаренттүүлүк жана ачыктык**

Баалоо жана сыйлык берүү чечимдери коллективдик жыйындардын, администрациянын жана профсоюз уюмдарынын сунуштарынын негизинде кабыл алынат.

Бул чечимдер ачык, адилеттүү жана бардык мугалимдер үчүн жеткиликтүү формада жарыяланат.

Бардык сыйлыктар жана сунуштар тууралуу маалыматтар жылдык отчёттордо, стенддерде жана веб-ресурстарда жарыяланат.

**2.4.Окуучулардын окуу натыйжаларына жетишүүсүнө колдоо көрсөтүү жана дем берүү максатында билим берүү уюму студенттерди тийиштүү кадрдык ресурстар менен (мугалимдер, класс жетекчилер, жатакананын мугалимдери, медициналык кызматкерлер, психологдор) камсыз кылууга тийиш;**

Билим сапатын уюштуруу жана көзөмөлгө алуу боюнча жооптуу адамдар бекитилген.

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Курманбаева Индира.

Окуу бөлүм башчысы: Маметрашит кызы Кайыркул.

Окуу жайдын усулчусу: Сатыбалдиева Р

Профсоюз уюмунун төрайымы- Токтоболотова Н

Кесиптер боюнча тайпанын устаттары:Мусамамбетов Т, Жолдошбек кызы Кундуз, Алияз уулу А, Садыров А, С.Саргулакова, Масирова Ж, Кадыркулов И, Шеримбеков К, Б.Мусаева, Н.Сатыбалдиева, Г.Кыдыршаева, И.Кожомбердиева, Н.Токтоболотова, Н.Токтоналиевалар тайпадагы окуучулар менен окуу-тарбиялык, өндүрүштүк иштерди алып баруу менен атайын ата-энелер үчүн Whats App группалары ачылып жана ата-энелер менен байланыш дептерлери түзүлүп, окуу жай менен түздөн –түз байланыш иштери алынып барылат. Мындан сырткары тайпанын устаттары ар бир окуучу менен байланышта болуп турат.

2023-жылга чейин окуу жайдын Казарман айлындагы Нур-Жайык кичи районунда №8 үйдүн 1-кабатында 20 орунга ылайыкташтырылган жатакана иштеп келген. Жатаканада 1 тарбиячы, 2 кезекчи мугалим эмгектенип келген. 2023-2024-окуу жылында жатакана 50 окуучуларга толбогондугуна байланыштуу жоюлган.
Бардык кесиптер боюнча тийиштүү кадрлар жетиштүү.

Мындан сырткары окуу жайда атайын райондук оорукана менен келишим түзүлүп, медициналык кызматкер алгачкы медициналык жардам сабагын берүү менен лицейде окуучулардын саламаттыгына кароо ишин алып барат жана ар бир класс-кабинетте биринчи жардам үчүн комплектилер уюштурулган.

Окуу жылы ичинде эки жолу окуучулар бекер медициналык кароодон өткөрүлөт.

Ысык-Көл областынын Кош-Көл айылындагы башталгыч кесиптик билим берүү лицейлеринин окуучулары үчүн уюшулган эс алуу лагерине жыл сайын жай мезгилинде 10-15 тен окуучу эс алып келет.

Окутуучуларды инновациялык билим берүүгө, жаны технологияларды колдонууга жакшы шарттар түзүлүп, мугалим - устаттар чыгармачылык менен сабактарын өтүүнүн жаңы интерактивдүү, проблемалык – изденүү ыкмаларын колдонуп, окуучулардын топтордоо активтешип иштөөсүнө, кызыгуусуна шарт түзүп, өтүп келишет.
Окуу жайда мугалимдердин 80% компьютерде иштей алышат. Мугалим- устаттардын сабактар негизинен инновациялык окутуунун ыкмаларын, заманбап жабдууларды пайдаланып, интернет булактарын колдонуп иннтерактивдүү ыкма менен сабак өтүшөт. Окуу жайда 1 класс иннтерактивдүү доска менен камсыз болгон. Интернет түйүнү менен 1 класс камсыз болуп мугалимдер сабакка керектүү материалдарды интернет булактарынан алып даярданышат. Ар

бир тема боюнча керектүү маалыматтарды дисктерге жазып алып, видео, мультимедиялык сабактарды өтүшөт. Компьютерлер, интернет, проектор бар. Көпчүлүк мугалимдер өздөрү үчүн персоналдуу ноутбуктарды алышкан.

Компетенттүүлүктү калыптандыруу максатында сабактарда жана сабакты даярдоодо информациялык-коммуникативдик технологияны жана усулдарды пайдаланууда, окуу жайда мугалим- устаттардын педагогикалык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда "Окутуу жана тарбиялоодо билим берүүнүн эффективдүүлүгүн арттыруу, окуучуларга маалыматтык, коммуникациялык, интерактивдик технологиялар менен заманбап билим берүү чөйрөсүн түзүү" –деген теманын алкагында семинарлар өткөрүлүп турат.

Лицейдин окутуучулары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында заманбап окутуунун каражаттарын (проекторлор, интерактивдүү доскалар, ПКлар ж.б. түрдө инновациялык окуу-усулдук ресурстарды) пайдалануу менен "Жазуу жана окуу аркылуу сынчыл ойломду өстүрүү", "Кадам сайын арымдап", "Инсанга багытталган окутуу", "Көп тилдүү билим берүү" ж.б. программаларды колдонуп, тажрыйбадан өткөн алдыңкы усулдар аркылуу окуучулардын окуудагы жетишүү деңгээлин баалоодогу күтүлүүчү натыйжаларды эске алуу менен сабак өтүшөт. Сабак учурунда окутуунун активдүү жана интерактивдүү (БББ, Кластер, Инсерт, Синквейн, Вендин диаграммасы, эссе жазуу, жупта жана топто иштөө ж.б.) ыкмаларын колдонушат. Сабактын акырында темага байланыштуу үй тапшырмалары берилет жана текшерилет.

Ал эми окуучулардын билимин баалоонун критерийлери сабактар боюнча окутуучулар тарабынан түзүлүп, усулдук комиссиянын курамында талкууланып, усулдук кеңеш тарабынан бекитилген жумушчу программада көрсөтүлүп, окуучуларга алдын ала берилет. Окутуучулар окуучулар үчүн учурунда түзүлгөн сабактын жүгүртмөсү боюнча консультацияларды, кошумча сабактарды өтүшөт, жеке жана тайпалык жолугушууларды уюштуруу менен окуучулардын өз алдынча иштеринин аткарылышы көзөмөлгө алынат. Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формасын жана технологияларын баалоо, окуучулар менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты чыңдоо жана бекемдөө максатында инновациялык технологиялардын пайдалуулугун билүү үчүн үзгүлтүксүз өз билимдерин жогорулатуунун үстүндө иш жүргүзүлөт.

Окуу жайда атайын психолог штаты жок болгондугуна байланышты окуучуларга психологдун жардамы керек болгон учурда тайпалардын устаттары жана ОТИ боюнча директордун орун басары иш алып барат.

*Тиркемелер 2.9: Тиркеме ОТИ боюнча директордун орун басарынын, окуу бөлүмүнүн башчысы, усулчу, ага устаттын иш пландары,*
https://drive.google.com/file/d/1RCyqeuBBr3aEB2Hj247kD_ydBS-VmnLB/view?usp=drive_link
*Тиркеме 2.10: Оорукана менен келишим*
https://drive.google.com/file/d/1asxtskAEKEo9ElDzxx4NF5isp8-NF_gw/view?usp=drive_link
*Тиркеме 2.11: интерактивдүү методторду колдонуудагы фото отчеттор*
https://drive.google.com/file/d/1Bmfsckzt-2q2Whx4dz2DNwA7geAGNX1N/view?usp=sharing
*Тиркеме 2.12: Видео сабактар.*
https://drive.google.com/drive/folders/1rzAFn1oAsOCLgNiMkwaKLUNLePltjRGl?usp=drive_link
https://drive.google.com/drive/folders/1RotJ0I5RJEWibv3zVrdvsv68GMUnQrHx?usp=sharing
*You Tube канал.*
https://www.youtube.com/channe l/UCAL8NnMNYizuOouSud3z65g

**2.5. Билим берүү уюмунда окуучулардын пикирлерин эске алуу менен окуу ишинин сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жана комплекстүү баа берүүнүн функционалдык системасы бар; .Окуу жайда билим берүү ишинин сапатына комплекстүү баа берүү жана мониторинг жүргүзүү системасы;**

Окуу жайда окуу ишинин сапатын көзөмөлдөө октуу муктаждыктарын аныктоо жана потенциалды жогорулатуу программасын иштеп чыгуу жана окутуучуларды аныктоо максатында жалпы билим берүү предметтери жана кесиптик техникалык атайын дисциплина боюнча сабак берген мугалим-устаттардын иш сапатын аныктоо үчүн ички контролду көзөмөлдөө графиги түзүлүп, директор тарабынан бекитилет жана окуу жайдын адмнистрациясы тарабынан жыл ичи көзөмөлдөнөт жана учурунда анализдер берилип,жыйынтык чыгарылат. Жылына биринчи жарым жылдыкта жалпы билим берүү предметтери жана кесиптик сабактардан ачык сабактардын жумалыктары,усулдук бирикмелер тарбынан уюштурулуп учурунда мугалим-устатардын педогогикалык чеберчилигине жана сабактардын өтүлүшүнө анализдер берилет. Окуу жайдын адмнистрациясы тарабынан педагогикалык кеңеште аткарылган иштер боюнча отчеттор берилип,анализдер чыгарыла. 1-2 жарым жылдыктын жыйынтыктары чыгарылып окуу ишинин сапатына мониторинг жүргүзүлүп билим сапаты аныкталып орточо балл чыгарылат

**Окуучулардын пикирлерин эске алуу**

Окуучулардын сабактар жана мугалимдер жөнүндө пикирлерин алуу үчүн анонимдүү сурамжылоолор, маектешүүлөр, жана керектөөлөрдү аныктоо формалары колдонулат.

Алынган маалыматтар анализденип, окутуунун мазмунуна, методикаларына жана окутуучунун иш стилине карата керектүү өзгөртүүлөр киргизилет.

Окуучулардын сунуштары жана сын - пикирлери ар кандай ички жыйындарда, педагогикалык кеңештерде каралып, чечим кабыл алуу процесстерине таасир этет.

**Ички көзөмөл жана мугалимдердин иш сапатын баалоо**

Ар жыл сайын мугалим-устаттардын иш сапатын баалоо үчүн ички көзөмөл графиги түзүлүп, лицей директору тарабынан бекитилет.

Бул график боюнча мугалимдердин сабактарына администрациялык топ, методисттер жана усулдук бирикменин жетекчилери катышып, сабак өтүүнүн деңгээлине баа беришет.

Сабак өтүү методикасы, студенттердин активдүүлүгү, окутуунун мазмуну жана дидактикалык каражаттарды колдонуу боюнча анализдер жана сунуштар берилет.

Ар бир баалоонун жыйынтыгында мугалимге индивидуалдуу сунуштар жана методикалык жардам көрсөтүлөт.

**Ачык сабактар жана усулдук жумалыктар**

Жылына 2 жолу (1-жарым жылдык жана 2-жарым жылдыкта) жалпы билим берүү предметтери жана кесиптик сабактар боюнча ачык сабактардын жумалыктары уюштурулат.

Ачык сабактар усулдук бирикмелер тарабынан уюштурулуп, педагогдордун кесиптик чеберчилиги жана сабак өтүү деңгээли комплекстүү бааланат.

Ар бир жумалыктын соңунда усулдук бирикме мугалимдердин ишине анализ жүргүзүп, иш чаралар боюнча сунуштарын берет.

**Мониторинг жана сапатты баалоо**

Жылына эки жолу (жарым жылдык жыйынтыктоочу мониторинг) билим берүү ишинин сапаты боюнча жалпыланган отчет даярдалат.

Отчеттордо:

Окуучулардын жетишкендиктеринин орточо көрсөткүчү.

Сабакка катышуу деңгээли.

Мугалимдердин иш көрсөткүчтөрү.

Окуучулардын жана ата-энелердин кайтарым байланышы боюнча маалыматтар камтылат.

Ар бир жарым жылдыкта билим сапатынын орточо баллы эсептелет жана администрация тарабынан окуу-тарбия иштерин пландаштырууда колдонулат.

**Педагогикалык кеңештердеги жыйынтыктоочу анализдер**

Ар бир жарым жылдыкта педагогикалык кеңеш өткөрүлүп, анда мугалимдердин ишмердүүлүгү, окуучулардын жетишкендиктери жана окуу сапаты боюнча толук отчеттор берилет.

Кеңештерде жетишкендиктер жана кемчиликтер талданып, кийинки жарым жылдык үчүн так пландар жана стратегиялар иштелип чыгат.

**Жыйынтык**

Лицейде билим берүү сапатына комплекстүү мониторинг жана баа берүү системасы окуучунун кызыкчылыгына, окутуучунун кесипкөйлүгүнө, жана институционалдык натыйжалуулукка негизделген. Бул системанын негизинде билим сапатынын туруктуу жогорулашы камсыздалып, мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүлөт.

*Тиркеме 2.13: Ички контролдун графиги*
*https://drive.google.com/file/d/1U7KoB5vHSYBSv7r9RqIqj6cl_j0snaoX/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.14 Сабактарга берилген анализдер*
*https://drive.google.com/file/d/1fWq-QKobckkA3QnZMsYkqp422Yl5Rx-b/view?usp=sharing*
*Тиркеме2.15 Билим сапатынын мониторинги*
*https://drive.google.com/drive/folders/1QUh7MpmFOdzVjK0dTRFzJMjZUUi6SW8U?usp=sharing*

## 2.6. Билим берүү уюму кызматкерлердин жана студенттердин жүрүм-турумунун этикалык стандарттарын иштеп чыккан жана алар менен кызыкдар тараптар тааныш.

Мугалимдер менен окуучулардын окуу прцессинде өзгөчө мамилеси бар. Мугалимдер окуучуларга жашоодо ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон билим жана көндүмдөрдү берүүгө, ал эми окуучулар ал билимди сиңирип, өз жашоосунда колдонууга жооптуу. Мугалим менен окуучунун мамлеси эки тараптуу болуп, эки тарап тең экинчисинин ийгилиги үчүн жоопкерчиликтүү болушат. Мугалимдер окуучуларга сабырдуу жана түшүнүү менен мамиле кылып, ошол эле учурда аларга керектүү багыт жана колдоо көрсөтүшү керек. Ар бир окуучунун жеке күчтүү жана алсыз жактарын таанып, окутуу ыкмаларын ошого жараша ылайыкташтырууга мугалимдер жооптуу. Мугалимдер окуучуларга дайыма мотивация берип, шыктандырып турушат. Окуучулар мугалимдерине урмат-сый жана сылык мамиле жасап, өзүлөрүнүн окуусу үчүн жоопкерчиликтүү болууга умтулушат. Сабырдуулук, түшүнүүчүлүк жана бири-бирин урматтоо менен мугалимдер жана окуучулар өсүүгө жана ийгиликке өбөлгө түзгөн окуу чөйрөсүн түзө алышат.

Ата-энелер дагы окуучулардын татыктуу билим,тарбия алуусуна кызыкдар тарап.Ата-энелер мугалимдердин кадыр баркына шек келтирбей,алар менен эриш-аркак иштешип,балдарынын билим алуусуна шарт түзүп беришет.Балдарын керектүү окуу куралдары менен камсыз кылышып, ден соолуктарына кам көрүшөт. Ата-энелер чогулуштарына, маданий, тарбиялык иш-чараларга катышып турушат. Окуучулардын тартибине, жүрүм-турумуна көзөмөл кылууга ата-энелер милдеттүү экендиги көрсөтүлүп, окуу жай менен ата-энениn ортосунда эки тараптуу келишим түзүлгөн. Ата-энелердин ой-пикири,сунуштары жазылган журнал уюштурулган.

Жогорудагы белгиленген талаптарды ишке ашыруу максатында Билим берүү министрлиги иштеп чыккан этикалык Кодекстерди жетекчиликке алып лицейдин ата-энелер Кодекси,мугалим-устаттардын педагогикалык Кодекси,окуучулардын нарк Кодекси бекитилген,мугалим-устаттардын киймине болгон талаптар кабыл алынган. Окуу жылынын башында-сентябрь айында директордун буйругу менен этика комиссиясы бекиген.

**Окуучулардын лицейдеги эрежелери иштелип чыккан.Эрежеде төмөндөгүлөр каралган:**

1.Окуучулардын милдеттери
2.Окуучуларга тыюу салынат
3.Окуучулардын сабактагы жүрүш-турушу

4.Танапистеги жүруш-турушу
5.Лицейдин буюмдарына,окуу китептерине аяр мамиле жасоо
6.Жүрүш-туруш маданияты
7.Массалык иш -чарадагы окуучулардын эрежеси.
8.Ашканадагы жүрүш-туруш эрежелери
Окуучулар эрежени билишет. Ата-эне, окуучу, устат болуп түзүлгөн келишимде таанышкандыгы тууралуу ар бир тарап кол койгон.

*Тиркеме 2.16: Ата-энелер менен лицейдин ортосундагы келишимдер*
*https://drive.google.com/file/d/1KqDcss8yvQ_2EjmefPHM6KhWRlv_zeGK/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.17: Мугалимдин педагогикалык кодекси*
*https://drive.google.com/file/d/1uPnvzmQTzGvkYeoebqu9EvnCX0OsF0N4/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.18: Ата-энелердин кодекси*
*https://drive.google.com/file/d/1NZYMkQbXuDFFGTcURtj87PAQhfqEAtM3/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.19: Окуучулардын нарк кодекси*
*https://drive.google.com/file/d/1JlAVA1J3XnB10406daikSrsU-NXV2x80/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.20: Окуучулардын социалдык паспорту*
*https://drive.google.com/file/d/1HLIiNs-CI8wy59M9Li46ceEN5QkXDN_S/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.21: Этика комиссиясы боюнча курам*
*https://drive.google.com/file/d/18Xb4kEzY6_8DtxOpBD4alwBgwP9cCBiz/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.22: Мугалим-устаттардын киймине болгон талаптар*
*https://drive.google.com/file/d/1L58I-IcSPZiQZgqhmDaQw_FzcsgwxNu9/view?usp=sharing*
*Тиркеме 2.23: Кодекстер боюнча ата-энелердин таанышкандыгы боюнча тизме(Ата-энелер менен түзүлгөн келишим ушул кодекстин негизинде даярдалган)*
*https://drive.google.com/file/d/11cUOsd3s3PrMYNMwNrFQQwO_RnkD-upr/view?usp=sharing*

**1 .Күчтүү жактары:**
Мугалим, устаттардын кесип боюнча билимдеринин дал келиши.
Мугалим, устаттардын жаны медиа технологияларды,окутуунун интерактивдүү усулдарын колдоно билүүсү.
Мугалим, устаттардын мезгилдүү квалификациясын жогорулатуу курстардан өтүп туруусу.
Окутуучулардын курамынын гендердик теңдештигине жооп берүүсү.
**2. Алсыз жактары:**
1. Айрым мугалим, устаттардын жаңы технологияларды пайдаланууда кыйынчылыктардын жаралышы. (5-10%)

**Сунуш:** Мугалим-устаттар үчүн санарип мугалимди окуу жайдан окутуу.

## 3. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар.
Билим берүү уюму окуу процессин уюштуруу үчүн пайдаланылган материалдык-техникалык базанын жана маалыматтык ресурстардын жетиштүү экендигине, ишке ашырылып жаткан программалардын лицензиялык талаптарына ылайык келишине жана иштин бардык түрлөрүн натыйжалуу башкаруу үчүн пайдаланылышына кепилдик берет.

**3.1.Билим берүү уюму билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн окуу убактысында да, окуудан тышкары да жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;**
Окуу жай материалдык-техникалык база менен жабдылган.
Окуу жайда билим берүү процессин ишке ашырууда окуу, усулдук адабияттарынын ж.б. китепкана- маалымат каражаттары менен жабдылган китепканасы бар. Окуу залындагы отурган орундуктарынын саны -10, жалпы сактоо бөлүмдөрүнүн саны -1, окуу жайдын китеп фондунда жалпы-8192 китеп бар. Анын ичинен окуу-усулдук адабияттарынын жалпы

саны-946, кесиптик сабактар боюнча окуу китептери-6011, жалпы билим берүү сабактары боюнча окуу китептери-1433, көркөм адабий китептердин саны-306, саясий китептер-114.
Бүгүнкү күнгө окуучуларга окурмандык карточкалар ачылып тиешелүү китептерди алып окушат. Окуучулар сабактан тышкары учурларда китепканада интернет желеси аркылуу керектүү материалдарды чыгарып алганга, газета журналдардан керектүү маалыматтарды карап окуганга, китептерди үйүнө алып кетип окуганга шарттар түзүлгөн. Окуу жайда электрондук китепкана ачылган жана ошондой эле баардык сабакка даярданууда, жекече кабинеттерине кирүү мүмкүнчүлүгүн алган ар бир мугалим-устаттарга, окуучуларга жекече логин пароль берилип электрондук китепканага кире алышат http://kundoluk.edu.kg/
Электрондук китепканада кесиптик жана жалпы билим берүүчү китептер бар. Мындан сырткары окуучулар үчүн №45 Telegram каналы ачылып,жалпы билим берүү сабактары боюнча,кесиптик сабактар боюнча,адабий китептер жүктөлгөн.Электрондук китепканага мугалим-устаттар жана окуучулар https://t.me/+FFjlVRGLtd40Yjcy ссылкасы аркылуу кирип каалаган китептерин окуй алышат. Окуучулар электрондук китепканага активдүү катышышат.Сабак учурунда жана сабактан тышкаркы учурларда электрондук китептерди пайдаланышат.
Заманбап типтеги 11 ноутбук, 10 компьютер, 2 (3 кызматтуу) принтер менен 2 компьютер классы жабдылган жана интернет кошулган. Окуучулардын кесиптик сабактар убагында, жолдо жүрүү эрежелерин үйрөнүү сабагында тесттер менен иштешет. Компьютер класстары окуу процессин толук кандуу канааттандырат. Ошондой эле интерактивдүү доска бар, бирок, кээ бир тетиктердин жетишсиздигинин натыйжасында колдонулбай турат. Компьютердик класс 1-2- сменада окуу процессин жүргүзөт.
Мугалимдерге жана окуучуларга тиешелүү иш кагаздарды даярдоо, сабакка даярдануу, долбоор- презентацияларды жасоо үчүн толук шарт түзүлгөн. Компъютердик класста предметтер боюнча тесттер менен иштөөгө шарт түзүлүп, тест борборун түзүү ишке ашып келе жатат. Ошондой эле дээрлик бардык класс- кабинеттер интернет түйүнү менен туташтырылган. Интернет байланышы жетиштүү. Окуучуларга сабак өтүүдө ар кандай маалыматтарды жеткирүү үчүн 2 проектор колдонулат.
Тигүүчү кесиптери үчүн өзүнчө 10 орунду тигүү цехи ачылган. Устаканада студенттер алган теориялык билимдерин практикалык түрдө бекемдеп, окуу-өндүрүштпрактикаларын өткөрүп келишет.
Трактор- автомобилдерди оңдоо, техникалык тейлөө боюнча лабораториялык –практикалык сабактарды, өндүрүштүк окууларды өтүүдө электрогидровликалык авто көтөргүч (подъемник) жана дөңгөлөктөрдү желимдөөчү устакана иш аткарышып, билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн калыптандырышат.
Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн окуу жайдын кире беришине атайын пандус жасалып, тийиштүү шарттар каралган.

*Тиркеме 3.1: Компьютер кабинетинин паспорту.*
*https://drive.google.com/file/d/1-JubdlzJF9v5U3H_3JlGz2soCMLGWIZS/view?usp=sharing*
*Тиркеме 3.2: Китепкана кабинетинин паспорту*
*https://drive.google.com/file/d/1x7onh1YC0YY1Hwxsw8GnBTtykIj9NU4Y/view?usp=sharing*
*Тиркеме 3.3: Электрондук китепкана №45*
*https://t.me/+A1hXaH0svHdkM2Ji*

**3.2.Билим берүү уюмунда материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар;**

2021-жылы окуу жайга райондон "Казарман Өнүктүрүү" фонду тарабынан 269 936 сомго 6 даана компьютер, 1 даана ноутбук жана 1 даана проектор үчүн экран ал эми, 2023-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Wifo үлгүсүндөгү 1 даана трактор автоунаасы, 10 даана ноутбук 1 437 528 сомго кайтарымсыз берилип, жана ошондой эле 2024-жылдын январь айында 37000 сомго окуу жайдын атайын эсептик счетунан автотренажер

алынды мындан сырткары жана 1 даана проектор жана видеокамера 20 000 сомго мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыяланып сатылып алынган. “Тогуз-Торо Өнүктүрүү” фонду тарабынан электрогидровикалык авто көтөргч 318 000 сомго алынган. 2024-жыл ичинде окуу жайдын атайын эсептик счетунан 147 750 сомго ГАЗ-53 автоунаасы сатылып алынды. Мындан сырткары окуу жайдын артында жайгашкан спорт аянтачысынын айланасын кеңейтип жана түздөтүп футбол аянтчасын жасоо иштерин дене тарбия мугалими М.Жумабаев тарабынан жүргүзүлүп жатат. Окуу жайдын атайын ашпозчу кесиби үчүн лабораториялык устакана жок болгондугуна байланыштуу быйылкы жылы атайын эсептик каражаттан түшкөн акчалардан жумшап кийинки окуу жылына карата ашпозчу кесиби үчүн атайын лабораторияларлык устакана куруга план коюлган.

*Тиркеме 3.4: Окуу жайдын тех паспорту*
*https://drive.google.com/file/d/14pqavHtmL9cIDlsVXel2S5gIyJU-w0rM/view?usp=sharing*

**3.3.Материалдык-техникалык база, билим берүү ресурстары - китепкана/онлайн ресурстар, компьютердик класстар, окуу жабдуулары ББПнын билим берүү максаттарына дал келет;**
**Окуу жайдын материалдык- техникалык базасы:**
Окуу корпустары – 362, 81 м$^2$ , абалы жакшы,
Ашкана -69,6 м$^2$, абалы жакшы
Өндүрүштүк устаканалар -158,2 м$^2$ , абалы жакшы
Китепкана – 30,2 м$^2$ , абалы жакшы
Спорттук аянтча – 150 м$^2$ , абалы жакшы
Жыйын залы – 67,32 м$^2$ , абалы жакшы
Жатакана 180,41 м$^2$ , абалы жакшы
Окуутуучу жабдуулар жана техникалык каражаттар:
- **Офистик жабдуулар** (компьютерлер, принтерлер, проектор, көчүрмөчү) компьютерлер -16 даана, ноутбуктар -12даана принтелер- 9 даана, проектор -2 даана, принтер -7 даана мындан бир түстүү принтер бар абалдары жакшы.
- **Өндүрүштүк техникалык жабдуулар:** ЗИЛ-131-1шт, Хундай-Портер -1шт, ГАЗ-53-1 шт, «Ауди» А-6 -1 шт, ВАЗ – 21-07 – 1шт, тигүү машиналары – 10 шт, дөңгөлөктөрдү ажыратуучу аппарат- 1 комплекти, ширетүүчү аппарат – 5 шт, автотренажер -2 шт, стенд-1 шт окуу өндүрүштүк процесстерин жүргүзүүдө колдонулууп келет.
2020-2024 – жылга чейинки мезгилде долбоорлор жана өздүк эсеп аркылуу:
Доска проектор,-2 шт, компьютелер – 7шт Казарман өнүктүрүү Фонддон, Лабораториялык класс,тигүү цехи, 4шт- видеокамера, 2шт –проектор жана ГАЗ-53 автомобили - лицейдин каражатынын эсебинен, электрогидровликалык авто көтөргүч (авто подьемник) Тогуз – Торо өнүктүрүү Фондунун эсебинен алынып келинип колдонулуп жатат.
Окуу корпустарынын, окуу бөлмөлөрү, окуу устаканалары санитардык-эпидемиологиялык кызматтын жана мамлекеттик өрткө каршы көзөмөл органдарынын талаптарына жооп берет.
Төмөндөгү документтердин негизинде:
Санитардык –эпидемиологиялык борборунун Актысы 06.11.2024-жыл .
Өрт коопсуздугу боюнча корутунду 21.01.2024-жыл.
Бардык окуу кабинеттери, өнөрканаларында өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, щиттер, коопсуздук бурчтары, өрт коопсуздугунан коргоо уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы, күнүнө эки жолу кенже тейлөөчү жумушчулар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Жылына бир жолу оңдоо -түздөө иштери жүргүзүлөт.
